УДК: 801.73: 809.434.1 (043.3)

*Маразыков Т. С., ф. и. д., проф., КР УИАнын корреспондент мүчөсү*
*mturusbek@mail.ru, Ж. Баласагын ат. КУУ*

## КӨРКӨМ ТЕКСТТИ ИЛИКТӨӨНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада көркөм текстти иликтөө адамдын көп түрдүү ой жүгүртүүсүнө негизделген иш-аракеттер экендиги, анда чыгармачыл ой жүгүртүү амалдары колдонулары, сөздүн контексттеги сырдуу, кубулма табиятын, алардын кыйытма образдарды, көркөм түшүнүктөрдү туюндуруу өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүдө ой жүгүртүү амалдарынын мааниси тууралуу илимий маалыматтар берилет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *көркөм текст, көркөм текстти иликтөө, ой жүгүртүү амалдары, чыгармачыл ой жүгүртүү, көркөм-эстетикалык маанай, көркөм образ, сөздүн контексттик кубулма касиеттери.*

*Маразыков Т.С., д. филол. н., проф., член-корр. НАН КР,*
*mturusbek@mail.ru, КНУ им. Ж. Баласагына*

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ИНТЕРПРЕТАЦИИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА

*В данной статье приведены научные данные, касающиеся действий, основанные на многообразном мышлении человека в анализе художественного текста, использования образов творческого мышления, тайной и изменчивой сущности слов в контексте, их косвенных образов и значений методов мышления в познании особенностей понимания художественных понятий.*

***Ключевые слова:*** *художественный текст, анализ художественного текста, образы мышления, творческое мышление, художественно-эстетическое настроение, художественный образ, изменчивые контекстные свойства слова и т.д.*

*Marazykov T. S., PhD, Professor, mturusbek@mail.ru*
*Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,*
*Jusup Balasagyn Kyrgyz National University*

## SOME QUESTIONS OF INTERPRETATION OF A LITERARY TEXT

*This article reveals scientific knowledge, concerning such aspects, as actions based on the multilateral way of thinking in the framework of the literary text's analysis, application of the ways of creative thinking, the secret and volatile essence of a word in context, its implicit images and significance of methods of thinking within the cognizing the peculiarities of the literary concepts.*

***Keywords:*** *literary text, literary text analysis, ways of thinking, creative thinking, literary and aesthetic mood, artistic image, volatile contextual properties of the word, etc.*

Көркөм текстти иликтөөдөгү негизги максат – көркөм чыгармада сүрөттөлгөн адамдарды ар тараптан, көп жагынан таанып-билүүгө умтулуу. Көркөм чыгармалар адамдарга көркөм-эстетикалык маанайда кыйыр түрдө моралдык, эстетикалык таалим көрсөтүү кызматын аркалайт. Көркөм адабий чыгармалар аркылуу адам таануу милдеттери орундалат, ишке ашат. Көркөм адабий чыгармалар, негизинен, адамдын дүйнөсүн чагылдырат. Ошондуктан кандай гана көркөм чыгарма болбосун, анда адамдын тагдыры, кайгысы, кубанычы, мүнөзү көркөм туюндурулат. Мына ушундай жагдайда адам таануу багытында ар тараптан ой жүгүртүү, ой жүгүртүү амалдарын ар түрдүүлөө, кеңейтүү өзгөчө мааниге ээ.

Ой жүгүртүүнүн ар түрдүүлүгү, кенендиги (масштабдуулугу) адамдын сезимтал, зирек, турмушта көп нерселерди аңдап көрө билген көрөгөч, эстүү, акыл-эстин, жан

дүйнөнүн жетик болушуна мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат. Жан дүйнөнүн жетилүүсү адамдык ички сапаттарга тыгыз байланыштуу. Адамдар ар түрдүү болгондуктан, алардын ички сапаттары да ар башка. Ошондуктан бир адам бир эле предметтин ар кыл өзгөчөлүктөрүн ар башкача көрүп туят, сезет. Анткени ар кимдин тиги же бул предметке карата ой жүгүртүүсү, кабыл алуусу, түшүнүк-баамы ар түрдүү. Көркөм текстти иликтөөдө адам таануу маселеси – ой жүгүртүүдөгү негизги предмет. Адам таануу жалаң эле көркөм чыгармада эмес, ал – турмушта дайыма боло турган көрүнүш. Себеби биз коомдо жашап, коомдогу адамдарды таанып-билүүгө мажбурбуз.

Көркөм текстти иликтөөдө анда туюндурулган көркөм-эстетикалык маалымат тууралуу ой жүгүртүүнүн жана аны кабыл алуунун эки түрдүү кубулушу, эки түрдүү көрүнүшү ишке ашат. Табиятында көркөм текст «туюндуруу» жана «кабыл алуу» кубулушунун (процессинин) негизинде түзүлгөн, куралган. Тилдик (вербалдык) маалымат алмашууда биздин ой жүгүртүү тилдик каражаттарга тыгыз байланыштуу. Көркөм текстте колдонулган тилдик каражаттар, алардын маанилик катмарлары, маанилик кубулма касиеттери бизди ар түрдүү ойлорго тушуктурат. Өзгөчө көркөм, каймана туюндурулган белгилер (символикалар), көркөм образдар, турмуштун ар кыл көрүнүштөрүнүн элесин (ассоциациясын) туюнтуу менен татаалдашкан тилдик каражаттар бизди ар тараптуу изденүүгө, деталдуу, образдуу жана ар кандай нускада (варианттарда) чыгармачыл ой жүгүртүүгө мажбур кылат. Ансыз көркөм тексттин негизги, каймана туюндурулган мазмунун толук түшүнүп, кабыл алуу мүмкүн эмес. Ошентип, жазуучу тарабынан туюндурулган көркөм-эстетикалык маалымат окурман тарабынан биргелешкен чыгармачылык менен (сотворчество) кабыл алынат. Мына ошондуктан мыкты жазуучулардын үлгүлүү көркөм тексттери адамдын тилдик сезүү-туюмун, маани ажыратуучу жөндөм-шыгын, көркөм жана таасирдүү сүйлөөгө болгон анын ышкысын, кызыгуусун ойгото алат. Көркөм адабий чыгармалар аркылуу адам таануу маселеси көркөм текстте сөздүн контексттик кубулма касиеттерин жана көркөм сөздүн маанилик катмарларын, кошумча маанилик касиет-белгилерге (коннотацияга) ээ болушун өздөштүрүү менен түздөн-түз байланыштуу. Себеби көркөм текстте адам таануу көркөм-эстетикалык белгилүү бир жүктү көтөргөн көркөм сөз аркылуу ишке ашат. Ошондуктан көркөм сөздүн табият-сырын терең үйрөнүү өтө маанилүү. Көркөм сөз адамды көркөм ой жүгүртүүгө багыттоочу касиеттерге ээ. Мазмундук наркы жана көркөм-эстетикалык табияты боюнча мыкты, алдыңкы көркөм чыгарманын өзүн окуп, ал чыгарманын негизинде эркин ой жүгүртүү, чыгарманы өз алдынча түшүнүп, өз алдынча кабыл алууга аракет кылуу адамдын көркөм ой жүгүртүүсүн гана өнүктүрбөстөн, анын эстетикалык табитин тарбиялайт жана калыптандырат. Эстетикалык табит адамдын эртеңки тагдырына таасир эте алат. Ал жаман менен жакшыга болгон баамды, асылдык, нарктуулук, сулуулук, бийиктик, тазалык боюнча адамдын сезим-туюмун калыптандырат. Ошентип, табит адамдын ой жүгүртүү деңгээлин, ошого жараша жашоо деңгээлин аныктайт.

Көркөм тексттин негизинде ар түрдүү ой жүгүртө билүү биздин турмуштук билимибизди, билгичтигибизди арттыра алат. Адамдын ой жүгүтүүсүн курчутуп, көркөм чыгарманы көп тарабынан түшүнүүгө көмөк көрсөтүүчү жагдайлар бар. Алардын биринчи жана негизгиси – ар кандай жанрдагы мыкты көркөм тексттерди өз алдынча чыгармачылык менен окуу жана иликтөөгө алуу. Жазуучу сунуштаган бардык сыр түйүн, көркөм-эстетикалык дөөлөттөр менен коштолгон өзгөчө өнөр көркөм тексттин өзүндө камтылган. Жазуучу туюндурган көркөм сөздү анын өзүндөй жеткиликтүү,

өзүндөй көп маанилүү, өзүндөй ар тараптуу кылып туюндуруу эч мүмкүн эмес. Анткени көркөм текстте жазуучу колдонгон көркөм сөз бир нече жагдайлар менен тыгыз байланышта татаалдашкан мүнөзгө, табыгый, жандуу, өзгөчө, сырдуу белги-касиеттерге ээ болот. Сөздүн контексттеги мындай сырдуу, кубулма табиятын, жазуучунун сөзү менен билдирилген кыйытма образдарды, көркөм түшүнүктөрдү, ошол сөздөрдүн артында элестетилген дүйнөнүн, турмуштун обочолонгон касиеттерин көркөм текстти окуу жана иликтөө аркылуу гана байкап билүүгө болот. Ошондо да окурмандын турмуштук, түшүнүктүк, аң-сезимдик, илим-билимдик, таалим-тарбиялык жана башка деңгээлине жараша көркөм тексттеги көркөм сөздүн сырын ар ким ар кандай жоромолдоп түшүнөт. Ушул кубулушта (процессте) көркөм текстти кылдат окуу адамга чоң көмөк көрсөтөт. Анткени көркөм текстти окуу адамды кайра түзө алат, аны кайра жаратып, анын ой жүгүртүүсүн, дүйнөнү көркөм кабыл алуусун калыптандыра алат жана ар түрдүүлөйт. Окуган учурда жазуучу тарабынан туюндурулган көркөм сөз окурман тарабынан кошумчаланат, улантылат, жандандырылат, ал өзүнүн түшүнүк-туюму аркылуу кабыл алынган сөздөрдү кайра иштетет. Натыйжада, көркөм текстти окуган жана иликтеген учурда адамдын интеллектуалдык бардык мүмкүнчүлүктөрү иш-аракетке келет. Анын ой жүгүртүүсү, элестөөлөрү, буга чейин топтогон илим-билим камы, түшүнүк-туюму, сезим-баамы, көңүл буруусу, көрүп, тыңшап, сынап, чыгармачылык менен байкоосу жана бүтүндөй жан дүйнөсү аракетке келет. Анткени көркөм чыгарманы иликтөө – адамдын көп түрдүү ой жүгүртүүсүнө негизделген иш-аракеттерин талап кылуучу, татаал чыгармачыл кубулуш. Ушуга байланыштуу, көркөм чыгарманы окуганда да, иликтегенде да чыныгы турмуш менен көркөм текстте сүрөттөлүп, баяндалып жаткан, жазуучу элестеткен көркөм турмушту, көркөм болмушту ар ким өзүнүн турмуштук тажрыйбасына, түшүнүк-туюмуна, билим деңгээлине, баам-сезимине, таалим-тарбиясына, жан дүйнө өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай кабыл алып, салыштырып таанып билет. Ошондой болсо да, көркөм текстти ой жүгүртүп окуган сайын адамдын турмуштук билими, чыныгы турмуштагы көптөгөн жагдайлар боюнча түшүнүк-баамы, элестөөлөрү, тажрыйбасы артары, дүйнө таанымы (кругозору) кеңеери белгилүү. Көркөм текстте сүрөттөлгөн каармандар, алардын кылык-жоруктары, адамдарга, коомго, өзүнө болгон мамилелери, ички жан дүйнө өзгөчөлүктөрү бизди ар кандай ойлорго түшүктүрат. Биздеги дал ушундай ой жүгүртүү, каармандар менен кошо жашоо, кошо санаркоо кубулушу адам турмушунда ак менен караны, адал менен арамды, бийиктик менен пастыкты, нарктуулук менен майдалыкты айрып таанууга көмөк көрсөтөт.

Көркөм текстти окуу жана аны кылдат иликтөө аркылуу адам өз алдынча ой жүгүртүүгө көнүгөт, ар нерсени салыштырып, кылдат баамдап, кылдат түшүнө билүүгө үйрөнөт. Демек, көркөм чыгармада сүрөттөлгөн адамдардын ар түрдүү типтери, ар түрдүү мүнөздөр, турмуштук ар түрдүү кырдаалдар, ар кандай карама-каршылыктар, кагылышуулар (конфликттер), миң кырлуу мамиле-катыштар адамды ар кыл ой жүгүртүүгө түрткү болуучу жагдайлардын бири болуп саналат. Экинчиден, сөзгө кулак түрүү, сөзгө маани берүү, сөз маанилерин түшүнүү адамдын көп түрдүү түшүнүгүн, ошого байланыштуу ар түрдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрө алат.

Көркөм текстте сөздөр көп түрдүү түшүнүктөрдү билдиргени менен ары таасирдүү, ары маанилүү. Маселен, көркөм текстте сөздөр көркөм-эстетикалык түшүнүктөрдү (М: «толгон айдай, туулган күндөй» деген маанилерде...), турмуштук түшүнүктөрдү (М: «ала койду бөлө кыркпа» – «ырыскыны чачпа, кутун кетирбе» деген маанидеги…),

предметтик түшүнүктөрдү (М.: үй-жай, курал-жарактардын аталыштарын билдирген сөздөр), мезгилдик-мейкиндик түшүнүктөрдү (М.: «алмуздактан бери» – «байыртадан» деген мезгилдик маанидеги түшүнүктү, «карыш-карыш, сөөм-сөөм» – «өтө жакын» деген мейкиндик маанидеги түшүнүктү) жана башка түшүнүктөрдү туюндурат. Ушул касиети менен сөздөр адамдардын ар түрдүү ой жүгүртүүсүнө предметтик жактан да жана рухий жактан да азык болуп бере алат. Сөздүн артында бүтүндөй дүйнө камтылган болот. Кылдат ой жүгүртүп, сөздөр туюндурган түшүнүктөр аркылуу көркөм чыгарманын каймана мазмунун сезе билүүгө да жана түшүнүүгө да болот. Көркөм текст өзгөчө ыргакта, эстетикалуу, көркөм жазылгандыктан, биз андан сөздүн кудурет-күчүн сезебиз, кубанабыз жана кайгырабыз, толкундайбыз, сарсанаага батабыз, ойдо жок нерселерге тушугабыз, кээде иренжийбиз, көңүлүбүз калат. Ошентип, көркөм текст аркылуу биз үчүн турмуштун ар тарабын таанип-билүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылат. Мыкты жазылган көркөм текст адамды ар тараптан өнүктүрүүгө дүрмөттөлгөн болот. Андай тексттер адамдын тээ түпкүрүндө, ичинде катылып жаткан мүмкүнчүлүктөрүн, рухун, өзүнө болгон ишенимин жандандырып ойгото алат, турмуштук түшүнүк-баамын, ой жүгүртүүсүн ар тараптан байыта алат.

**Адабияттар:**

1. Виноградов В. В. О языке художественной литературы. -М.: ГИХЛ, 1959. -654 с.
2. Гальперин И. Р. Текст как объект лингвистического исследования. -М.: Наука, 1981. -185 с
3. Колшанский Г. В. Коммуникативная функция и структура языка. - М., 1984. -С. 97.
4. Кухаренко В. А. Интерпретация художественного текста. -Минск, 1988. -330 с.
5. Мусаев С. Ж. Текст: прагматика, структура. -Б., 2000. -268 б.
6. Өмүралиева С. Ч. Айтматовдун көркөм чыгармаларына лингвистикалык илик. -Б., 1999.
7. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы. -Б., 2005. -155 б.
8. Маразыков Т. С. Текст таануунун теориясы. 2-китеп. -Б. 2014. -111 б.
9. Маразыков Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. -Б., 2020. -290 б.